УДК 82-1:398
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-10-81-86

## ФОЛЬКЛОРНЫЕ ПРИЗНАКИ АКЫНСКОЙ ПОЭЗИИ

***М.К. Көлбаева, М.Ж. Самсалиева***

*Аннотация.* Акынская поэзия – переходный этап между народным фольклором и классической литературой. Несмотря на тесную связь с фольклором, ей присущи качества профессиональной литературы. Акынская поэзия не возникла на пустом месте, а развивалась в тесной связи с устным поэтическим творчеством. Отличительные признаки поэтического произведения – нам известно имя создателя творения, имеются рукописные образцы его творчества на бумаге. Анализируются фольклорные особенности поэзии, как в результате взаимосвязи и взаимовлияния народного творчества и классической литературы достигается высокий уровень поэтической культуры. В статье на примерах показано бережное отношение к культурному наследию народа, которое содержит в себе мощную интеллектуальную силу.

*Ключевые слова:* поэты; импровизация; фольклор; творчество; синкретизм; исполнитель; коллективизм.

## АКЫНДАР ПОЭЗИЯСЫНЫН ФОЛЬКЛОРДУК БЕЛГИЛЕРИ

***М.К. Көлбаева, М.Ж. Самсалиева***

*Аннотация.* Акындар поэзиясы – элдик фольклор менен профессионалдык адабияттын ортосунда өткөөл этап. Анда фольклорго дагы, профессионалдык адабиятка дагы тиешелүү болгон сапат-белгилер калыптанган. Акындык өнөр жок жерден жаралган эмес, анын башатында фольклор турганы чындык. Бирок анда ар бир чыгарманын жаратуучусунун аты, автору белгилүү болушу, өз чыгармачылыгын өзү кагазга түшүргөн кол жазма үлгүлөрдүн жаралышы менен адабияттык белгилерди да көрө алабыз. Аталган макалада акындар поэзиясынын фольклордук белгилери тууралуу талдоолор берилет. Поэзиянын фольклордук өзгөчөлүгү талдоого алынып, элдик чыгармачылык менен классикалык адабияттын өз ара байланышынын жана өз ара таасиринин натыйжасында поэтикалык маданияттын жогорку деңгээлине жеткен. Макалада күчтүү интеллектуалдык күчтү камтыган элдин маданий мурасына аяр мамиле кылуунун мисалдары көрсөтүлгөн.

*Түйүндүү сөздөр:* акындар; төкмөлүк; фольклор; чыгармачылык; синкретизм; аткаруучу; коллективдүүлүк.

## FOLK FEATURES OF AKYN POETRY

***M.K. Kolbaeva, M.Zh. Samsalieva***

*Abstract.* Akyn poetry is a transitional stage between folk folklore and classical literature. Despite its close connection with folklore, it has the qualities of professional literature. Akyn poetry did not arise from scratch, but developed in close connection with oral poetic creativity. Distinctive features of a poetic work – we know the name of the creator of the creation, there are handwritten samples of his work on paper. The folklore features of poetry are analyzed, as a result of the interrelation and mutual influence of folk art and classical literature, a high level of poetic culture is achieved. The article shows by examples a careful attitude to the cultural heritage of the people, which contains a powerful intellectual force.

*Keywords:* poets; improvisation; folklore; creativity; syncretism; performer; collectivism.

Акындар чыгармачылыгындагы фольклоризмди аныктоодо фольклордун спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн эң башкы сапаты ***оозеки төкмөлүк (импровизациялык)*** сапаттын калыптангандыгы. Башкача айтканда, чыгарма жаратуу процессинде акын эч кандай даярдыксыз ойду берүү ыгын ойлонуп, ондоп, жазганын кайра өчүрүп, башка ойлор менен шөкөттөп, тил

каражаттарын салмактап, стили тууралуу толгонбой турган жеринде шыдыр ыр курап, калкка тартуулайт. А. Квятковскийдин «Поэтикалык сөздүгүндө» айтууга тийиш темага даярдык көрбөй туруп (оозеки же жазуу түрүндө) ырларды түзүү [1, 118-б.] деген мааниде колдонулганын эске алуу менен “Ушундан эле «импровизация» деген терминдин тарыхы акындык өнөрдүн спецификасы менен тыгыз байланыштуу экендиги жана бизге белгисиз доорлордо колдонулгандыгы даана сезилип турарын” [2, 145-б.] Ж. Таштемиров белгилейт. Ал эми анда элдин тарыхый тагдыры, социалдык-турмуштук абалы, үрп-адат, каада-салты, маданияты оозеки чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрүнө, көркөмдүк деңгээлине, эстетикалык абалына ылайык көркөм чагылдырылат. Мына ушул көркөм функцияны аткарууда оозеки чыгармачылык өнөрдө кандай жаралса, ошол калыбында биздин күнгө жетти деген ойдон алыс болушубуз керек. Себеби ар бир мезгил өз элегинен өткөрүп, оозеки чыгармачылык байыркы элдин мифологиялык, диндик түшүнүктөрүнөн өнүм алып, өөрчүп, кошумчаланып, мезгил элегинен өтүп, катмарланууга ээ болушун адабиятчылар бир оогдон белгилейт. Мына ушул импровизациянын коллективдүү чыгармачылык экенин фольклорист В.П. Аникин: “Безусловно, это один из видов коллективного творчества, так как импровизатор непосредственно пользуется всеми поэтическими особенностями, стилем, образной системой, ритмикой, созданной ранее, творческим опытом предшествующих творцов фольклора. Таковы русские плачи-причитания, некоторые виды импровизаций в детском фольклоре и пр.” [3, 11-б.], – деп белгилеп, төкмөлүк сырткы көрүнүшү боюнча индивидуалдык чыгармачылыкка жакындашкандыгы менен анын мазмундук бөлүгүндө жамааттык чыгармачылыктын касиет-сапаттарын калыптандырып, өзүнө чейинки ырчы-акындардын жанрдык-стилдик формаларын, поэтикалык каражаттарын, көркөм образдарын жана башка касиет белгилерин толук калыптандырганын жазат. Демек, көркөм чыгармачылык ыкма катары импровизация акындык өнөрдө да өз өмүрүн улап, ар бир доорго ылайык жаңыланып, бүгүнкү күнгө чейин жашап турганын айтыш жанрынын мисалында аныктоого болот. Бул салтты улоодо, албетте, өнөр адамдарынын, ырчы-акындардын эмгеги зор.

Акындар чыгармачылыгынын фольклорго жакындыгы тууралуу пикирлерди анализдөөдө турмуштук чындык менен чыгармачылыктын карым-катнашын кеңири талдоого алган В.Я. Пропптун пикирине таянбай коюуга болбойт. Ал фольклор менен адабияттын бири-биринен обочолонгон бир катар айырмачылыктарын белгилейт. Мисалы, чыгарманын жаралышы, кошумчаланышы боюнча алганда фольклордо аткаруучунун уккан чыгармасын сөзмө-сөз кайталай албаса дагы, өзү тарабынан алымча-кошумча киргизе алышын, “кайсы гана угуучу болбосун анын потенциалдуу аткаруучусу боло алуусун” [4, 22-б.] жазат. Мунун өзү фольклордогу ***коллективдүүлүк*** сапатты калыптандырат. Бул маселеде акындар чыгармачылыгын эки багытта кароого болот. Биринчи, акындар чыгармачылыгынын алгачкы башатындагы адат-салт айтыштарынын жаралышы, тематикалык жактан алганда санат-насыят, терме, ашыктык, жоктоо, арман, табият ырларынын жаралышындагы алгач бир адам жаратса дагы улам кийинкиси алымча-кошумчаларын киргизе берип, жамааттын чыгармачылыгына айланганын айтсак болот. Мисалы, Токтогул Сайдали уулу, Кет Бука, Асан Кайгы жана башка легендарлуу акындардын чыгармачылыгын көрсөтүүгө болот. Экинчиден, бир эле тематиканын мисалы, аккан суу, дүнүйө, карылык, балалык жана башка ар бир акында өз дарамет деңгээлине жараша интерпретацияланышы. Бир эле теманы бир нече авторлордун катышуусу менен, ар бир автордун жеке көз карашы, тилдик, дүйнө таанымдык касиет-белгилерине ылайык иштеп чыгуусу катары карайбыз. Башкача айтканда, кайсы гана айтуучу болбосун алгач башатында ал тема боюнча бирөөдөн угуп, аны толук болбосо дагы өзү тарабынан алымча-кошумча киргизүү менен өз алдынча иштеп чыккан. Демек, чыгармачылыкта фольклордук салтты өз деңгээлине ылайык улантып жатат.

Андан ары В.Я. Пропп элдик оозеки чыгармачылыктын башкы өзгөчөлүгү катары ***турмуштук мазмундун чагылдырылышы же элдүүлүк*** касиети, башкача айтканда, сүрөттөлүп жаткан окуялар, тема, күндөлүк тиричилик,

эмгек, үрп-адат, каада-салт, жөрөлгөлөр кыскасы турмуш-тиричиликтин, жай турмуштун, элдик үмүт-тилектин көркөм чагылдырылышын белгилейт. Акындар чыгармачылыгында да башкы теманын эл турмушу түзүп, калкка жакын, эл массасынын мүдөөсүнө ылайык келип, коомчулукка тарбиялык таасир көрсөтө алуу касиетине ээ болот.

Фольклордук чыгармачылыктын дагы бир башкы өзгөчөлүгү көркөм маданияттын башка түрлөрүнүн (обон, музыка, бий, ымдоо, жаңсоо, аткаруучулук жана башка) ажыратылбастан кош бирдикте аткарылгандыгында. Башкача айтканда, ***синкреттик*** мүнөздү калыптандырып келгенинде. Эң эле жок дегенде эки–үч элементтин биргеликте аткарылганын, чыгарма жаратуу же сөзүн куроо, өзүнө ылайык обонду иштеп чыгуу жана калк алдында аткаруудан көрүнөт. Мисалы, бир эле Токтогулдун чыгармачылыгын алсак, ал ырдын сөзүн кураган акындык, аны обон менен коштогон обончулук, эл алдында аткаруучулук, асап менен коштогон музыканттык өнөрлөрдү бир башында калыптандырган. Акындык өнөрдөгү синкретизм бүгүнкү күнгө чейинки төкмө ырчылардын, учурдагы Замирбек, Рахматулла, Абдували, Элмирбек, Жеңишбек, Аалы, Азамат жана башка акындардын айтыш ырларынан ачык көрүнөт.

Акындар чыгармачылыгындагы синкретизмди талдоодо дагы бир көңүлгө алуучу маселе бар. Ал бир эле акында бир канча өнөрдүн болушу. Мисалы, Балык акындын “Манас” эпосу баш болгон бир катар кенже эпосторду айтуучу, санжырачы, чечен, санат, терме ырларын жаратып, кези келгенге Жамбыл, Айтыке сындуу акындар менен ырдашкан төкмө акын катары белгилүү.

Акындар чыгармачылыгындагы фольклоризм тууралуу сөз кылганда, аткаруучу өзүнө чейинки ырдалган, айтылган элдик чыгармаларды кандай укса ошол калыбында кайталай албаса дагы негизги мазмунду сактоо менен өзү тарабынан кошумчаларды киргизип, жаңычыл мүнөздөгү чыгармаларды жаратышын айтууга болот. Мунун өзү акындар чыгармачылыгындагы салттуу темалардын калыптанышын шарттаган.

Демек, улам кийинки өнөр ээси өзүнө чейинки ырдалып же аткарып жүргөн фольклордук чыгарманы сөзмө-сөз кайталабастан элдик чыгармачылыктагы ырдалган ырдагы негизги ойду улап, жаңыча ыкмада санат ырын иштеп чыкты.

Акындар поэзиясынын фольклоризмин талдоого алууда В.Я. Пропптун “фольклордун кайсы гана угуучусу болбосун, анын ***потенциалдуу аткаруучусу*** боло алат” [4, 20-б.] – деген оюна кайрылуу негиздүү. Себеби, акындар чыгармачылыгындагы өнөр ээлеринин чыгармачылык такшалуусуна, калыптануусуна көз салганыбызда эң алгач элдик ырларды, күйгөн-секетпайларды, “Манас” эпосу баш болгон эпикалык чыгармаларды аткарып, өнөрүн калыптандырганын байкоо кыйын эмес.

Ошол эле учурда эл ырчылары ошол элдик мурастарды өз деңгээлинде аткарып, ал тургай өздүк варианттарын жаратышкан. Элдик чыгармачылыкты өздөштүрүүдөгү чыгармачыл инсандар акырындык менен эпикалык айтуучуларга айланары, алар ар бир элде боло турганын фольклорист Б.Н. Путилов мындайча белгилейт: “Сказитель в узком значении – певец былин, в более широком – вообще эпический певец. В национальных фольклорных традициях существуют народные термины: олонхоусты (якут), улигерчи (бурят), манасчи (кыргыз), джангарчи (калм.), акыны и жырши (казах), бахши (узбек), ашиги (азерб.), кобзарь (укр.), гусляры (южнославян)” [5, 114-б.]. Демек, кыргыздардын да төкмөлүк өнөрдү алып жүрүүчүлөрү чыгармачылык башатында элдик мурастарды үйрөнүп айтуудан өтүп, андан ары айтуучу же төкмө акын катары жиктеле баштаганын көрөбүз. Айрымдары “Манас” баш болгон эпикалык мурастарды айтуучулар катары жиктелсе, айрымдары төкмө акын катары калыптанып, айрымдары төкмөлүк менен бирге айтуучулукту кош бирдикте алып жүргөндөрүн көрөбүз. Бирок чыгармачылык бул өзгөчөлүктөр бири-бири менен өтө тыгыз өнүгүп, айырмалуу белгилерин ажыратуу өтө кылдаттыкты талап кылат.

Демек, айрым касиет-белгилери (жогортон белгилеген) жагынан айтуучулук менен төкмөлүк айырмаланса, айтуучу, жаратуучу, аткаруучу белгилеринде бир бүтүндүккө биригип, акындын талант даражасын көрсөтүүчү белги катары көрүнөт.

Акындар чыгармачылыгындагы өнөр ээлеринин айтуучулугунан келип чыккан

***варианттуулук*** да фольклоризмдин бир белгиси катары көрүнөт. Варианттуулук маселесине келгенде акындар чыгармачылыгында варианттуулукту 3 (үч) жактуу көрө алабыз. Биринчи, жогортон белгелегендей, элдик эпос-дастандарды аткаруудагы варианттуулук, экинчи, элдик каада-салт ырларынын акындык чеберчилик менен кайрадан иштелип чыгышы, үчүнчү, белгилүү бир тема боюнча ырдалган чыгармалардын акындарда вариацияланышы.

Акындар элдик оозеки чыгармачылыкта ырдалып, айтылып жүргөн ырларды өз чыгармачылыгында кайрадан иштеп чыгып, чыгармачылыгына пайдалануу менен жаңычыл вариантты жаратат. Мисалы, элдик оозеки чыгармачылыктагы “Акбарак”, “Карагул” деген аталыштагы кошоктордо айтылган негизги ой, сүйлөм курулмалар, көркөм каражаттар Токтогулдун баласы өлгөндө кошкон кошогунда вариацияланат.

“Карагул” кошогунда:

“Каркылдап кара каздар көл сактар,
Кара ылаачын чөл сактар,
Картайганда энең менен атакең,
Күндө үч убак жол сактар.

Куркулдап куулар көл сактар,
Куу ылаачын чөл сактар.
Куураган атаң менен энекең,
“Карагул качан келет” деп,
Күндө үч убак жол сактар” [6], – деп берилген элдик кошок, Токтогулдун баласы жөнүндөгү жоктоо ырында төмөнкүчө берилет:

“Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт,
Карып калган атакең
Кай жакка барып жан сактайт?

Куркулдап куулар көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт.
Куурап калган атакең
Куюгуп кайда жан сактайт?” [7, 153-б.].

Мисалда көрүнүп тургандай, Карагулдун жоготкон ата менен эненин азаптуу кайгысы, “күндө үч убак жол карап” күткөн абалы ырдалса, Токтогул элдик кошоктун үлгүсүндө баласын жоготуудагы кайгыруу, азаптануу абалын, “куюгуп кайда жан сактайт?” деген риторикалык суроо менен берип, элдик кошоктун жаңычыл вариантын жараткан. Мына ушундай элдик оозеки чыгармачылыктагы каада-салт, табият, сүйүү, арман жана башка тематикадагы ырлардын акындар чыгармачылыгында вариацияланышы тууралуу мисалдарды узун сабак айта берүүгө болот.

Мындан сырткары, эл акындарынын чыгармачылыгындагы варианттуулук акындардын тигил же бул тематикадагы ырларды өз чыгармачылыгында кайрадан иштеп чыгышын, башкача айтканда, салттуу тематикадагы ырларды өз чыгармачылыгында жаңычыл мүнөздө жаратуудан көрүнөт.

Жер жүзүндөгү көзгө көрүнгөн жандуу, жансыз табият, адам жашоосундагы цивилизацияларды кучагына алган дүйнө түшүнүгү кыргыздардын байыркы мезгилдеги архаикалык фольклорунда түрдүү түкшүмөлдөнүп, ааламдын куралышы, жашап турушу тууралуу алгачкы аңыз, уламыштарда, мифтерде чечмеленген. Андан бери аты уламышка айланган ырчыларда, оозеки төкмөлүк менен кол жазма акындарын жараткан ырчылар поэзиясында ар бир акындын жеке көз карашы, дүйнө таанымына ылайык түрдүү интерпретацияланат.

Жеңижок ааламдын жаралышын, андагы адамзаттын, жан-жаныбарлардын абалын, табияттын жашап турушун:

“Асман, ай, жылдыз бүткөндө,
Улангансың, дүнүйө.
Жер титиреп бүткөндө,
Куралгансың, дүнүйө,
Он сегиз миң ааламды
Бир жараттың, дүнүйө.
Кемтиги жок эч жерде,
Куп жараттың, дүнүйө” [8, 15-б.], – деп ырдап, анын улам жаңырып, төрөлүү менен өлүүнүн эриш-аркак алмашып турушун

“Күн менен түндү камчылап,
Өтүп жаткан дүнүйө.
Журттан журтка ташынып,
Көчүп жаткан дүнүйө.

Бири күйсө, бирөбү
Өчүп жаткан дүнүйө" [8, 47-б.], – деген саптарында чагылдырат. Мына ушул адам жашоосунун жаңырып, улам алмашкан түбөлүксүз абалын Токтогул берегиче ырга салат:

"Бул дүнүйө бекерсиң,
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүйнөнүн,
Түбүнө ким жетерсиң.

Келериңде, дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.
Кетериңде дүнүйө,
Суу жүрбөгөн сайдайсың [7, 43-б.]", – деп узун сабак дүйнөнүн келери-кетери тууралуу антитезалык ыкмада көркөм сүрөттөп, дүйнөнүн учкул, тез өтөрү "дүйнө, чиркин, ушундай, колуңдан качкан кушуңдай" деген акындык аныктаманын негизине барып такалат.

Ушул эле дүнүйөнүн келер кетери Барпыда:

"Келериңде, дүнүйө,
Көл мелтиреп толгондой.
Кетериңде, дүнүйө,
Көзүңдү чукуп ойгондой.
Келериңде, дүнүйө,
Сууну арыкка бургандай,
Төрүңдө жолборс тургандай.
Кетериңде, дүнүйө,
Арыктын суусун тарткандай,
Төрүңдөн жолборс качкандай" [9, 228-б.], – деп ырдалып, өнөрлөштөрү ырга салган дүнүйө темасын жеке акындык байкоо, турмуштук тажрыйба, өздүк чеберчилик менен вариациялайт. Салттуу темаларды ар бир акындын чыгармачылыгында кайрадан иштелиши же жаңычыл мүнөз күтүп, вариацияланышы бүгүнкү күндөгү төкмө акындардын чыгармаларынан да жашап келет.

Коргоол акын деле "Ойлосом, дүйнө, бекерсиң, бир күнү колдон кетерсиң" деп түбөлүксүз жашоонун жазмышын башка өнөрлөштөрү сымал көркөм сөзгө салып, ырчылыктагы салттуулукту улайт.

Ошол эле дүнүйөнүн келер кетери, өмүр бар жерде өлүү болгон турмуштун табигый мыйзамы эгемен жылдардын эркин акыны аталган Элмирбектин чыгармачылыгында:

"Аманат, жалган дүйнөңдөн
Аман калып ким көргөн?!
Ажалы жеткен айда өлгөн,
Күнү бүткөн күндө өлгөн.
Так Сулайман хан дагы
Таажысын баштан чечкенче,
Тактыдан басып түшкөнчө,
Таңга жетпей түндө өлгөн" [10], – деп берилет. Акын жалган дүйнөнүн жазмышынан эч ким кутула албасын, берилген өмүр аманат экенин эскертип, эзелтен келе жаткан ырчылыктагы дүйнө тууралуу ойду улап, өз көз карашын, акындык байкоолорун ырга салат.

Акындар чыгармачылыгында мына ушул тариздe ырдалган балалык, карылык, өмүр, өлүм, аккан суу, замана, табият жана башка тематикалар улам кийинки акындардын талант дараметине жараша байыртадан келе жаткан ырчылыктагы салттуулукту улантуу болсо, экинчи жагынан салттуу аталган темадагы ырлардын улам бир вариациясынын жаралышын негиздеп турат.

Акындар чыгармачылыгын фольклорго жакындаштырып турган дагы бир факты – салттуулуктун (традициялуулук) сакталышы. Чыгармачылыктагы салттуулуктун элдин жашоо маданиятынын негизинде жаралып, элдик эстетикалык табити менен шайкеш келишин В.П. Аникин бергиче белгилейт: «В традициях выражаются эстетические вкусы, нормы, понятия, представления, в нравственном творчестве складываются в самой тесной связи с жизненным социально-историческим и житейски-бытовым опытом народа» [3, 21-б.]. Ал эми Ж. Таштемиров чыгармачылыктагы салттуулукту «…тигил же бул элдин өсүп-өнүгүшүнө, турмуш-тиричилигине, жашоо шартына байланыштуу алардын салт-санаасынан, акыл-эсинен, кужүрмөн эмгегинен түзүлгөн асыл нерсе, өзүнчө тарыхый кубулуш» [11, 10-б.] катары караса, адабиятчы С. Искендерова «фольклорду адабияттан айырмалап турган көркөм спецификасынын орчундуу белгиси» [12, 15-б.] – катары көрсөтөт. Чындыгында традиция адабий процессти же бир чыгармачыл инсандын өнөр жолун азыктандыруучу,

маданий-руханий көрөңгө катары кароого болот. Ал элдик оозеки чыгармачылыкта калыптанып, улам мезгил берилеген сайын, улуттук уңгу, чыгармачылык соолбос булак катары кызмат өтөп келет.

Акындык өнөрдөгү чыгармачылык синкретизм, импровизациялык ыкмада ыр жаратуу акындык өнөрдөгү негизги салт катары калыптанып келгенин эске албаганда эле өнөр үйрөтүү жана үйрөнүү же устат-шакиртчилик ыкмасынын бүгүнкү күндөгү төкмөлүктү өздөштүрүп жаткан талапкерлердин негизги өнөр үйрөнүү ыкмасы катары колдонулушу – акындар чыгармачылыгынын байыркы салтка ыкташы же болбосо оозеки салттагы элдик маданиятты алып жүрүүнүн негизги көрсөткүчү катары кароого болот.

**Жыйынтык.** Оозеки салтта калыптанып, өнөр үйрөнүүнүн китептик, класстык же жазма формасынан кескин айырмаланган оозеки мүнөздөгү өнөр үйрөнүү аны улам кийинки муунга сабактоону түзгөн устат-шакиртчилик салты акындар чыгармачылыгын элдик фольклор катары мүнөздөп турган негизги касиеттеринин бири десек болот.

Поступила: 22.08.22; рецензирована: 05.09.22; принята: 08.09.22.

***Адабияттар***


1. *Квятковский А.* Поэтический словарь / А. Квятковский. М., 1966, С. 416.
2. *Таштемиров Ж.* Токтогул жана акындык поэзия / Ж. Таштемиров. Фрунзе, 1980. 219-б.
3. *Аникин В.И.* Коллективность как сущность творческого процесса в фольклоре // Русский фольклор: материалы и исследования. Т. V / В.И. Аникин. М.: Изд-во академии наук СССР, 1960. С. 311.
4. *Пропп В.Я.* Фольклор и действительность / В.Я. Пропп. М.: Наука, 1973. С. 222.
5. *Путилов Б.Н.* Свод этнографических понятий и терминов. Народные значения, фольклор, народное искусство / Б.Н. Путилов. М.: Наука. 1991. С. 314.
6. КРУИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1859. 79-б.
7. *Токтогул Сатылганов*. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. 1-т. / түз.: Ж. Таштемиров / Токтогул Сатылганов. Фрунзе: Адабият, 1989. 264-б.
8. Залкар акындар: Жеңижок. Т. 2. Бишкек: Шам, 1999. 245-б.
9. *Барпы*. Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы / Барпы. Фрунзе: Кыргызстан. 1970. 288-б.
10. Элмирбек менен Балгынбектин айтышы. URL: https://www.youtube.com/watch?v=jMuzGhB9JL4 (дата обращения: 20.06.2022).
11. *Таштемиров Ж.* Токтогулдун чыгармачылыгындагы традиция жана новаторлук маселеси // Таштемиров Ж. Токтогул жана оозеки чыгармачылыктын традициялары / Ж. Таштемиров. Фрунзе, 1976. 253-б.
12. *Искендерова С.* Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы / С. Искендерова. Бишкек, 2010. 275-б.